камсыз кылуу;
баалоонун зарыл жана жетиштүү критерийлеринин минималдуу санын тандоо;
Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мониторингдин жүрүшүндө алынган маалыматтардын купуялуулугун сактоо;
биргелешкен мониторинг жана баалоо объекттеринин мыйзамдуу ишине тоскоолдуктарды түзүүнүн жол берилбестиги.

**IV. Биргелешкен мониторингдин жана баалоонун предмети жана объекттери**

4.1. **Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө багытталган мониторингдин жана баалоо объекттеринин ишинин процесси жана натыйжалары биргелешкен мониторингдин жана баалоонун предмети болуп саналат,** төмөнкүлөрдү камтыйт:

-айылдык аймакты, шаарды өнүктүрүү программаларын жана пландарын ишке ашырууну;

-жергиликтүү жана (же) республикалык бюджеттердин, эл аралык жана башка донордук уюмдардын, демөөрчүлөрдүн каражаттарынан жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен тыюу салынбаган башка булактардан финансылануучу жергиликтүү демилгелерди, долбоорлорду, программаларды ишке ашырууну;

-жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын эсебинен мамлекеттик сатып алууларды жүзөгө ашырууда товарларды жеткирип берүүнү, кызматтарды көрсөтүүнү жана жумуштарды аткарууну, ошондой эле консультациялык кызмат.

**4.2. Биргелешкен мониторингдин жана баалоонун объекттери төмөнкүлөр болуп саналат:**

- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы;
- муниципалдык ишканалар жана мекемелер;
-жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын эсебинен мамлекеттик сатып алууларды жүзөгө ашырууда жеткирип берүүчүлөр (подрядчылар) жана консультанттар;
- тиешелүү аймактын жергиликтүү коомдоштугунун турмуш-тиричилигин камсыз кылууга тийиштүү кызматтарды көрсөтүүчү коомдук уюмдар жана бирикмелер (сууну пайдалануучулардын ассоциациясы (СПА), ичүүчү сууну пайдалануучулардын айылдык коомдук бирикмеси (ИСПАКБ), жайыт комитеттери жана башкалар.

**4.3. Биргелешкен мониторингдин жана баалоонун объекттери төмөкүлөргө милдеттүү:**

– Мамлекеттик сырды түзгөн маалыматтарды, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен ага карата жеткиликтүүлүк чектелген жеке маалымдар жана маалыматтар жөнүндө маалыматтарды камтыган маалыматты кошпогондо, биргелешкен мониторингдин жана баалоонун предмети болгон бөлүгүндө өз иши жөнүндө БМ жана Б тобуна маалымат берүүгө;

– алар тарабынан жиберилген суроо-талаптарды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө кароого;

– табылган өксүктөрдү жана кемчиликтерди четтетүү боюнча сунуштамаларды талкуулоо жана иш-чараларды иштеп чыгуу үчүн БМ жана Б тобу тарабынан жиберилген биргелешкен мониторингдин жана баалоонун натыйжалары жөнүндө документтерди кароого;

– жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органына (биргелешкен мониторингдин жана баалоонун объекти жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы болуп саналган учурлардан тышкары) БМ жана Б тобуна көчүрмөсү менен кемчиликтердин себептери жөнүндө жана кырдаалды оңдоо боюнча пландаштырылган чаралар жөнүндө биргелешкен мониторингдин жана баалоонун натыйжалары жөнүндө документти алган учурдан тартып 10 жумушчу күндөн кечиктирбестен маалымат берүүгө.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы БМ жана Б тобунан биргелешкен мониторингдин жана баалоонун натыйжалары жөнүндө документти алган учурдан тартып 30 календардык күндөн кечиктирбестен БМ жана Б тобу тарабынан табылган кемчиликтерди четтетүү үчүн көрүлгөн чаралар жөнүндө жалпылаштырылган